3 экзем

# КАЛЫГУЛ БИЙ МЕНЕН ОРМОН ХАН

Ормондун заманында Жылгын башына /азыркы Токмок калаасы турган жер/ жумгалдык Курманкожо уруусунан Өмүрзак деген киши жолоочулап, өз бакырчылыгы үчүн Ормондун айлына барат экен. Ал жерде эки=үч күн жумушу бүткөнчө токтоп калат. Бир күнү Ормон өзү баштап шашкалаң түрдө айыл элеси менен кымкуут болуп калышат. Анчалык эле коркунучтуу түрдө эмес, бир жактан ызаттуу конок келе турган сыяктуу дүрбөп калышкандыгын Өмүрзак байкап, бирөөдөн суроого оозу батпайт. Себеби, ал учурда Ормон чоң хан болуп жалпы кыргызды бийлеп калгандыгынын натыйжасы – биринчи жактан болсо, экинчи жактан – андагы эл өтө моюнсундугу менен әдеп сактаныш, улуусунан сурай албай, кичүүсүнөн сураганы менен албетте, ачык билалбайт, ан үчүн канааттандыра жооп ала албасы чын да.

Архив Т. Усубалиева ©Usubaliev Foundation 2020

Ормон өзү жаңы журтка үй тиктирип, керме керип, аркан тарттырып дегендей аттарды байлай турган жерине чейин ырастатып жүз баштуу тегеролуу ак үйдү, куба төбөлүрөөк тарткан үзүгү бар. Эшигинде Ормон өзү баштап элиндеги кырка тизилген улуу=кичүү жигит = жаланы жана айыл аксакалдары менен бирге жарданып туруп калышты дейт. Баягы Өмүрзак ошол элдин ичинде таңыркагандан таңыркап турду эле, аңгыча бир атчан киши желдире, желдире бастырып чүүдө какты жүрүш менен келди ыкыстап, аттан түшүп кол куушуруп Ормонго салам айтты. Ормон алик алары менен: "Баатыр жакын келдиби?" – деп сурап калды. "Жакын келишти" – деп жооп берди. Ошону менен "Баатыр келет", "Баатыр келет" дешип, ого бетер дүрбөң түшөт. Аңгыча кырк=элүүдөй киши менен элдин ортосунда тогуз топчулуктуу, кара кашка ныпчасы бар, сыртынан төө боз чапкан, башында кары бою кестелүү калпак, сары жаргак ышымынын бөгөлөгин басма менен сайдырган, бутуна көк жеке кийген чап жаак, кара суур

киши жалдуу күрөң атчан келип калды. Ормон чуркап барып атын алып, колтуктап түшүрүп алды. Жанындагылардын бардыгын түшүрүшүп, күтүнүп турган отуздай киши кым=куут, аттарын алышып чапа=чупа кермеге байлашты. Өмүрзак баягы баатыр ким экенин айра билалбай аң=таң болуп: "капырай, жалпы кыргызда жалгыз эле Ормон чоң эле, мындан чоң баатыры бу ким? деген бойду экен деп эле жүрөт. Көбүнче баягы баатырдын жалдуу кара күрөң атынын үстүндөгү күмүш пыштанына көзүн салып туруп: "ай, эми койчу, ким экенин үстүнө кирсем сөзүнөн таанырмын" деди да, Өмүрзак элдин артынан үйгө кирди. Албетте, Ормон өзү эшигин ачып, тегиз үйгө киргизип отурушканда да ирэгэ жакка сыңар тизелеп жүкүртө басып отурду. Кирген элдин баары тең ылдый карашып жымжырт эле отурушат. Бир аздан соң, бөлөк үйдөн чоң=чоң кара аяктар менен мелт=калт куюлган курут жармага сары майды сапырып кошуп алып келип, Ормон өзү алиги баатырга сунуп, калгандарына бөлөк кишилерди сунуп, киши башына бирден аяк кыдырата коюп кетишти. Жарманы ичип болгонго чейин эч кимден бир эме деген сөз чыга алган жок, акырында аяктарды ошол үйдөгү бир картаң байбиче жыйнатып алып, ашкана жакка чогултуп койду. Ал байбиченин жанында баласынын баласыбы, бир бешикте  эркек бала колун суурып алып асып койгон карышкырдын чүкөсү менен ойноп жатат. Андан кийин Ормон бир кары кишини карап "бирдеме деп айтканың" дегендей кылып башын ийкеди. Ал кары киши төрдө баягы отурган баатырга карап, өйдө обдулуп сыңар тизелей түшүп:

– Баатыр, бала=чакаларыңыз жана элиңиз көптөн бери эле Сиздин бир сөз сурайлы деп жүрүшөт. Бул эл – бөлөк бир тили буруунун сурагына өтөтдеген кеп бар деген экенсиз. Ошондон бери эле түрдүү коркунуч түшүп жатат, ошон үчүн улуу=кичүү жалпы

бала=чакаңыз айтып берер бекен дешип, сизди чакыртып кутуп турабыз - деди.

— Андай болсо айтып берейин, жакшы болот, балдар! - деп, чек түшүп отурган киши ого бетер оң жагына ыңгай тартараак обдулуп, оңдонуп туруп: - Ээ, балдар! Кудай дей турган заман, жакаңарды муунбагыдай карманып жүрүңөр! Сибу деген жерге орус келет дейт. Анын кармаганынан кан чыгат дейт, ырасбы? - деп оң ийнин карап койду эле, отурган эл бирин=бири тегерете карашып тыңшап калышты.

Архив Т. Усубалиева ©Usubaliev Foundation 2020

Анда баягы кары киши дагы сурады:

— Ошол орустун түрлөрү не ондуу, кандай түр менен сурайт баатыр? - деди.

Анда төмөнкүдөй түр менен сыпаттап айткан экен:

Жер бетин туман басты,
Мелдды ылаң басты.
Өңү сары, көзү көк,
Уңкугуй мурун орус келет,
Узун чөптү оруп келет,
Кыска чөптү коруп келет
Карагайдан чарбагы болот,
Калың элди коркуткан арбагы болот - деп, оң ийнин карап: - Ырасбы? - деп мойнун буруп койду дейт.

Анда баягы кары киши дагы сурады:

— Баатыр, дагы кандай шумдуктар болот?

Экинчи ийнин кылчайып карап:

— Түтүнгө "келе чыгым" деп келет го,
Кези келсе жетим уул, тул катыңды жеп келет ко.
Мал=Башыңды каттап, эсеп менен тактап алат ко.
Он түтүнгө бирден тың чыгаар
Бирин көрүп биринен бири шум чыгаар.
Уй пул болоор.

Кул бий болоор,
Токой токол болоор,
Талаа токой болоор,
Тегерек чака тыйын чыгаар,
Атасынан баласы кыйын чыгаар.
Кызыл=кызыл кыялар,
Кыргыек талга уялар.
Такыясын колго алып
Кыз жигитти кубалар.

Сааганың сары боз бээ болоор,
Ичкениң ит ичпес сары суу болоор.
Таштан кесең болоор,
Аш ичкен балдар таңдайы жарылган чечен болоор.
Этеги чолок, жеңи жок чапан чыгаар,
Эң кийинки балдарың тапан чыгаар.
Тегиз жерден тегирмен чыгаар,
Тексиз жерден бай чыгаар, ээ, ырысы? – деп
оң ийнин кареганда отурган элдин баары жан кулактын учунда, кол жаканын тынында болушуп, бирине=бири деддейишти.

– Кудай, ошону кергезбесең болот эле – дешип күңгүрөнүп жиберишкен дейт. Баягы кары киши болуп копчүлүгү чуркурап:

– Баатыр, ошондо элдин айласы эмне болот? – дешип коркунушта болгондо:

– Ал эле дейсиңерби... ал болсо сары орустун заманы дейт, сары орустун кийин кара орус чыгат. Сары оруска куйут түшөт, элге бир чоң бүлүк түшөт.

Он үйгө бирден казан болоор,
Орчун шаар базар болоор.
Эримди езүм бийлейм деп зайып чыгаар,

Көл үстүнө жүргүзгөн кайык чыгаар – деген дейт.

– Андан ары эмне болот, баатыр? – дегенде:

– Ошол кара орустун убагында он беш жылдан кийин:

Байпагың манат,
батегиң киш,
ит аягың мис болоор.
Кой үстүнө торгой жумурткалап,
жесир катын миңден кой айдайт – деген экен.

–– Ошол учурду көрөр бекенбиз, баатыр? – деп элдер чуруулдап, күлүңдөп жиберишкенде, элди тегерете карап:

–– Жок, бул отургандар көрбөйсүңөр! – Тээ-тетиги бешиктеги бала көп жашаса четин көрөр! – деген экен. Кээ бир кишилер айтат: "өзүнүн небереси Акидей сары деген болуучу деп. Ал Акидей сары токсон жаштан ашып, 39=жылы өлдү" дешет. "Жок, Өмүрзактын өзүнөн укканмын –– Акидей эмес, Ормондун балдарынан боло тургандай эле" деп айтчу экен Өмүрзак...

Бул сөздү ыраматылык Куйручук айткан, Куйручук ошол Өмүрзактын өз уулу болгон. Мына ошол баатыр кадимки Калыгул баатыр, дешет. Калыгул өзү ырчы эмес эле киши экен, бирок маселентип, уйкаштырып келечекти көп айтчу дейт. Ошон үчүн Калыгулдун сөзүн улап, Арстанбек булбул ырдачу экен. Мына ошондон кийин биздерге чейин айтып жүрүшөт.

~~РЕДАКЦИЯДАН~~ Акидей сары Калыгулдун Күнтууган деген уулунан, Күнтуугандын бир уулу Кененсары, ~~Кененсарыдан~~ андан Турдакун Усубалиевдин атасы – Усубалы, ~~туулган~~. Эл оозундагы айын боюнча Акидей эненин курсагынан ырдап түшкөн имиш. Айтымдарга караганда тим койсо аябагандай чечен же мыкты акын чыкмак ~~экен~~ дешет, Ооз ачып ырдабайм деп Калыгул чоң атасына сөз берип коюптур. Ошон үчүн буулугуп, ырдабай өткөн ~~дешет~~ тура,

xx xx

6.

КАЛЫГУЛ ОЛУЯНЫН ОРУС КЕЛЕЛЕКТЕН
КАНЧАЛЫК МУРУН АЙТКАНЫ

Көгүчкөн учар жем чыкса,
Көк түлөр чуркар тер чыкса,
Көңүлү тынар көпчүлүк,
Көзгө толор эр чыкса,
Көөрүктүн оту тутанбайт,
Көт жагынан жел чыкса.
Көч жүрө албай токтолот,
Көз учкан бийик бел чыкса.

Андышпай койбойт абысын
Ак шумкар карайт чабытын.
Алармен ууру көз салаар
Адырмак тоснун жабытын.

Кара куш карайт кардына,
Кара жемсөө азамат
Кайрылбайт жакын барына.
Коңгуроо такса жарашат,
Койкойгон кара нарына.

Жортуулчу түшөт жолуна,
Кайраты бар эрендер,
Карагай найза кармаган,
Карыштырып колуна.
Кара жемсөө жигиттер,
Канча бүлүк болсо да,
Кайрылбайт экен тобуна.

Оройлоруң баатыр болду,
Орус алмак биздерди,
Ушу заман жакын болду,
От чыкпай жериң такыр болду.
Токой токол болоор,
Токол байбиче болоор.
Уй пул болоор,
Кул бий болоор.
Тегиз жерден тегирмен журер,
Тексиз жерден бий чыгар.
Алка жака салынган кийим чыгар
Акча кагаз пул болуп тыйын чыгаар.
Айылын жоодой айдыган кыйын чыгаар.
Этеги жок чапан чыгаар,
Эң кийинки белеси тапан чыгар.
Эри менен тартыша;
Элде эркек көп деген аял чыгар.
Кызыл=кызыл кыялар,
Кыргый талга уялар
Такыясын колго алып,
Кыз жигитти кубалар.
Аягың бас болоор
Башың пас болоор.
Тууганың кас болоор
Кылганың касам, ант болоор.
Ыгы жокко жан берип,
Ыйманына жат болоор.
Бактылуу адам каадаса,
Муз үстүнде от жанаар.
Бактысыз адам каадаса,

Кургак үйдөн суу чыгар.
Жакшы болгон баланын,
Атасы жаман болсо да
Төрдө олтуруп сый табар.
Жаман болгон баланын,
Атасы жакшы болсо да,
Төө үстүнөн ит кабар.
Кызыгы жок өмүрдөн,
Уктап көргөн түш артык.
Төр жерде, тайгак кечүүдө,
Эрендердин күчү артык.
Куу кенжеге кулуктун
Төрт аяктан неси артык?
Көктөбөсө жамгыр жаап,
Кайырсыз жаздан кыш артык.
Сыпаты бир адаттын,
Эрден эрдин иши артык,
Тууру кутсуз шумкардан,
Кайырдуу болгон күнүндө
Турумтай аттуу куш артык.
Одоно сокком күмүштөн
Сулуулап сокком мис артык.

ТЕРМЕ, САНАТ ЫРЛАР:

Кызаргандын баарысы манат болот турбайбы,
Кылган иштин баарысы адат болот турбайбы.
Ырдагандын баарысы санат болот турбайбы:
Аттууну коюп, жөөнү айтам,
Арбак конгон дөөнү айтам.
Катар-катар лекты айтам,
Калп айтпаган төптү айтам.

Кекурок чечен болбосо,
Кезу керуп не кылат.
Жан кыйналат дебесең
Жардылыктан ким өлөт.

Кар килең болбой кар кетпейт,
Капсалаң болбой жут болбойт.

Кара өзгөй болбой доо болбойт,
Шагыл болбой зоо болбойт.
Шайыры болбой эл болбойт,
Пейили жакшы кем болбойт.
Чаң созулат тамандан,
Жакшылык келбейт жамандан.
Булбулдун мукам үнү бар,
Тайлактын таза жүнү бар.
Коргондуу чердин ору бар,
Улуктун катта зору бар,
Экинин бири болбогон,
Кембагал элдин шору бар.

Аскар - аскар аскар тоо,
Аягы барып чөл болот.
Атадан олтоо туусаң да
Сыйлашпасаң жат болот.
Теректин тубу кыт болот,
Жаман адат кырт болот.
Каарына алганда,

Ак жайдын куну кут болот.
Ак бөкөн келип жыгылат
Айдын казып ордосо,
Ак шумкар келип илинет,
Саясатчы алдын тордосо.

Айры мыгач туз болот,
Тезге салып ондосо,
Душманына кор болот,
Өз тууганын кордосо.
Бу дуйнодо не карып?
Ак калдуу бөз карып.
Айтылбаган сөз карып,
Замандашы болбосо,
Карыя болор тез карып.
Кадырын жеке билбесе,
Бойго жеткен кыз карып.
Эл жакалай конбосо,
Бетегелуу бел карып.
Каз, өрдөгу болбосо,
Айдың чалкар көл карып,
Улук адил болбосо
Убара болот эл карып.

Жалтаңдын башы зоо болот,
Жаман менен дос болсоң,
Акыры бир кун доо болот.
Жакшы менен дос болсоң,
Өлгөнчөкту куштапат,

11.

Жаман менен дос болсоң,
Баягымды бергин деп,
Эки айдан кийин мушташат.
Кетсе деелет колуңдан,
Келмеги кыйын мал кайтып.
Келе деп келсе бербесең,
Кетет жаңды саргайтып.
Чирпыгың сынса талыңдан,
Чынар болбойт тал кайтып.
Чындап жаал келген соң,
Чыккан жан келбейт ал кайтып.
Өткөн өмүр – качкан күн.
Колуңа келбейт ал кайтып.
Тыйгунуң качса колуңдан
Туура конбой ал кайтып.

Катынды мээнет чырмаса,
Каяша айтат эрине.
Жардынын мээнет чырмаса,
Ачыгы чыкпайт жерине.
Жакшыны мээнет чырмаса,
Жакынын менен кас болот,
Баланы мээнет чырмаса,
Сарыкарт чыгып таз болот.
Кызды мээнет чырмаса,
Атасынын төрүндө
Көп отуруп кор болот.
Тузду мээнет чырмаса,
Далкы чыгып шор болот,
Атты мээнет чырмаса:
Аягынан басынат,
Төөнү мээнет чырмаса,
Котур болуп кашынат.
Байды мээнет басарда,

Ашканага жапынат.
Ырчын айтат талмын деп,
Кемер айтат жармын деп.
Чымчык айтат кушмун деп,
Чырчып айтат салмын деп.

Жекендуу колдун бал камыш.
Кылкы салса от жанат.
Уулу жаман болгон соң,
Дөбөдөй болгон атасын
Төө устунөн ит кабат.

Булбул унун эшитпей,
Буралып калаа ачылбайт,
Мундуунун уну басылбайт.
Күкүк унун эшитпей,
Күн жайланып ачылбайт.
Күйүттүү болгон адамдын,
Күндө уну басылбайт.

Боло турган азамат,
Болоттон кылыч байланат.
Жоого жетсе суру бар,
Тамды тешер урунуп,
Сабы кыска чоту бар.
Боло турган жигиттин,
Журөгундө оту бар.
Аргымактын азганы,
Аркы=терки басканы.
Азамат эрдин азганы

Кечкенде жээ басканы.
Аргымакта жал жок деп,
Жолго таштап кетпенер,
Азаматта мал жок деп,
Жоого таштап кетпенер,

Өзөндүү сууга тал бүтөт,
Өлбөгөн кулга мал бүтөт
Мал бүткүчө иш кетет,
Ага - инидей дос кетет.

Куурай чыкпас куу такыр,
Куурай чыгып бергенде:
Кулдун чуркап эте албайт,
Мал бүтпөгөн куу жакыр
Мал жайылып бүткөндө
Айдап журтка жете албайт

Жаман атты буйга мин,
Тоңуп калган ойго мин.
Чанач артып сууга мин!
Ишенимдүү жакшы атты,
Көтөрүлгөн тууга мин.
Кулак тунган чууга мин.

Атың кашаң болгон соң,
Аштан - тойдон калган соң.
Күлүктүгү не пайда?
Алганың сулуу болгон соң
Аркырап беттен алган соң,
Сулуулугу не пайда?

Этекти кессең тон болбойт,
Эзелки душман эл болбойт.
Желкени кессең тон болбойт,
Жеткилең бийик жол болбойт.

Жээн тагага эл болбойт,
Жеке тамчы сел болбойт.
Жалгыз өлөө чуу к чыкпайт,
Жар куласа суу чыкпайт.
Ак чангыл тоонун этегин,
Адис мерген кийиктейт.
Алганы жакшы жолукса
Азамат көөнү бийиктейт.
Ак кула аттар кимде жок,
Жүгүрбөсө байге жок.
Ага-тууган кимде жок,
Сыйлашпаса жатча жок.

Бедери жок торкодон,
Бек токуган бөз жакшы.
Медери жок тууганда н,
Бек сүйлөшкөн жат жакшы.
Алтындуу зээр ак кабак,
Атка тынчы болбосо,
Алтынын алып отко жак,
Акылдуу тууган болбосо,
Акырын айтып жатка жак.
Күмүштүү зэр аккабак.

Архив Т. Усубалиева ©Usubaliev Foundation 2020

15.

Күлүккө тынчы болбосо,
Күмүшүн алып отко жак.
Күйөр тууган болбосо,
Күлө багып жатка жак.

Калыгулдун бул ырлары Шерменбек Үмөталиевдин архивинен алып, биринчи ирет жарыяланып отурат.